**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ С.ЮСУПОВА**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XX сессиясы

# Т О К Т О М

02.10. 2026-жыл № 20-1 Араван айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү Жарлыгын ишке ашыруу максатында С.Юсупова айыл аймагынын айылдарында жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жумушчу топтун курамын жана айылдарда өтүүчү жыйындардын графигин бекитүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү Жарлыгын аткарууда С.Юсупова айыл аймагында жергиликтүү курултайды жогорку деңгелде уюштуруу жана ачык- айкын өткөрүүнү камсыз кылуу максатында С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Элдик Курултайдын катчылыгы бекиткен календардык планга ылайык, С.Юсупова айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктардын жыйынын делегаттарды шайлоо этабы 2026-жылдын 24-октябрь күнү саат 10:00дө С.Юсупова айыл өкмөтүнүн жыйындар залында өткөрүлсүн.

2. С.Юсупова айыл аймагында кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча төмөнкүлөр бекитилсин.

- V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 1-тиркемеге ылайык;
- Өкүлчүлүктүү жыйынга квота боюнча 100 катышуучунун саны айылдарга бөлүнүшү 2-тиркемеге ылайык;
- Айылдарда коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү графиги жана ага жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттары жана айыл өкмөтүнүн адистери 3-тиркемеге ылайык.

3. С.Юсупова айыл аймагында кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ жана жергиликтүү кеңештин жооптуу депутаттары айылдарда өтүүчү жыйындардын өз убагында сапаттуу өткөрүлүшүн камсыз кылышсын.

4. Кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча айылдык кеңештин токтомдорун, коомдоштуктардын жана өкүлчүлүктүү жыйындардын протоколдорун мөөнөтүнөн кечиктирбестен Араван районунун мамлекеттик администрациясынын уюштуруу бөлүмүнө берүү жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Кубатовго жүктөлсүн.

5. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу милдетин өзүмдө калтырамын.

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XX сессиясынын
**№ 20-1** токтомуна №1 тиркеме

Араван районунун **С.Юсупова** айыл аймагынын айылдарында жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жумушчу топтун курамы:

1. Мамитов М – С.Юсупова айылдык кеңешинин төрагасы , жумушчу топтун төрагасы.
2. Кубатов Н – С.Юсупова айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу топтун катчысы.

**Жумушчу топтун мүчөлүрү:**

3. А.Амиров - Айылдык кеңешинин депутаты
4. Б.Артыков - Айылдык кеңешинин депутаты
5. Ж.Курбанов - Октябрь айылынын айыл башчысы.
6. А.Абдураимов - Эрке - Кашка айылынын айыл башчысы.
7. М.Алимбекова - Араван айылынын айыл башчысы.
8. К.Мирзабаев - Сүткор айылынын айыл башчысы.
9. Т.Осмонов - Каррак айылынын айыл башчысы.

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XX сессиясынын
**№ 20-1** токтомуна № 2 тиркеме

**Араван районунун С.Юсупова** айыл өкмөтүнүн айылдарында 2026-жылдын 8-12- октябрына чейин өткөрүлүүчү өкүлчүлүктүү жыйынга квота боюнча 100 жергиликтүү курултайга шайлануучу делегаттарын санын айылдарга бөлүнүшү.

| № | Айылдардын аталышы | Айылдарда жашаган калктын саны (миң) | Жергиликтүү курултайга норма боюнча шайлануучу делегаттардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Каррак | 5343 | 18 |
| 2 | Октябрь | 3695 | 13 |
| 3 | Эрке-Кашка | 6527 | 22 |
| 4 | Сүткор | 6258 | 21 |
| 5 | Араван | 7686 | 26 |
|  | Бардыгы | 29509 | 100 |

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XX сессиясынын
**№ 20-1** токтомуна № 3 тиркеме

Араван районунун **С.Юсупова** айыл аймагынын айылдарында жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындарды (чогулуштарды) өткөрүү графиги

| № | Айылдар | Убагы | Датасы | Жыйындар өтүүчү дареги. | Жооптуу айылдык кеңешинин депутаттары жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каррак | 10-00 | 08.10. 2026-жыл | Х.Абдулла орто мектеби | Б.Артыков Т.Осмонов |
| 2 | Октябрь | 14-00 | 08.10.2026-жыл | Манас орто мектеби | А.Амиров Ж.Курбанов |
| 3 | Эрке-Кашка | 10-00 | 09.10.2026-жыл | Айыл өкмөтүнүн жыйындар залы | И.Нурдинов А.Абдураимов |
| 4 | Суткор | 14 -00 | 09.10. 2026-жыл | Сайдахматов орто мектеби | К.Мирзабаев С.Алимов |
| 5 | Араван | 10-00 | 12.10 . 2026-жыл | С.Шарипов орто мектеби | Х.Сайдуллаев М.Алимбекова |

**Төрага** **М.И.Мамитов.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XX сессиясы

**Т О К Т О М**

02.10. 2026-жыл № 20-2 Араван айылы

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадиров билдирүүсүн кароо жөнүндө.**

Керме-Тоо айыл аймагынын Ш.Ахмедов көчөсүнүн тургуну Джакипов Кубанычбек Ак-Шар участкасындагы № 166 контурундагы жайыт багытындагы жер тилкесинен 0,40 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук сурап жазган арызы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алынып, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21 беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелиндеги № 665 токтомун жетекчиликке алып, С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. С.Юсупова айыл аймагынын Ак-Шар участкасындагы № 166 контурундагы жайыт багытындагы жер тилкесинен 0,40 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берилсин.
2. С.Юсупова айыл аймагынын Ак-Шар участкасындагы № 166 контурундагы жайыт багытындагы жер тилкесинен 0,40 га жерин мал сарай багытына которууга (трансформатциялоого) макулдук берүүдө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын сактоо менен тийиштүү ишкана жана мекемелердин корутундуларынын негизинде белгиленген тартипте каралып, макулдук берүү жагы тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин агрардык, турак-жай жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадиров жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**
**С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**
**С.ЮСУПОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

С.Юсупова айылдык кеңешинин 8- чакырылышынын кезексиз 19- сессиясы

# Т О К Т О М

24.09.2026-жыл № 19 -1 Араван айылы

## Араван районунун Достук айыл аймагынын базасында “Райондук кызмат көрсөтүү” (РКК) район боюнча таза ичимдик суу тармагын тейлөөчү бирдиктүү муниципалдык ишкана ачуу жөнүндө

Араван районунун Достук айыл аймагынын базасында “Райондук кызмат көрсөтүү” (РКК) район боюнча калкты таза ичимдик суу менен камсыздоо жана сыркынды сууларды чыгаруу тармагын тейлөөчү бирдиктүү муниципалдык ишкана ачуу жана калкка таза ичимдик сууну үзгүлтүксүз жеткирип берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 30-апрелиндеги “Пилоттук режимде айыл аймактарда ичүүчү суу менен камсыздоо жана сыркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү боюнча иштин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө”гү №158 Жарлыгына ылайык С.Юсупова айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Араван районунун Достук айыл аймагынын базасында район боюнча таза ичимдик суу тармагын тейлөөчү бирдиктүү “Райондук кызмат көрсөтүү” (РКК) муниципалдык ишкана түзүүгө (ачуу) макулдук берилсин.
2. Айыл аймагындагы калкты таза ичимдик суу менен камсыздоочу “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын балансындагы таза суу тармактарын, объектилерин жана тиешелүү мүлктөрүн инвентаризациялоо жана жаңыдан уюштурулуп жаткан муниципалдык ишканасынын балансына өткөрүп берүүдө тийиштүү документтерин даярдоо айыл өкмөтүнө жана “Ак ниет-Араван” муниципалдык ишканасынын башчысы С.Нурдиновго тапшырылсын.
3. Ушул токтом катталсын, расмий булактарда жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин социалдык-маданий, укук тартип, депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Н.Кадировго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.И.Мамитов**